РАЗДЕЛ 2. ВЕТЕРИНАРИЯ

УДК.: 639.1:574

# ЖАРАТЫЛЫШТА ЖЫРТКЫЧ МЕНЕН МАЛЧЫНЫН ИШ-АРАКЕТИНДЕГИ ЧЫР-ЧАТАКТЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

**Асыкулов Толкунбек (0009-0003-1565-4525)[1], Чодонова Наргиза Мелисовна (0009-0006-4841-6015)[1], Ажыбеков Бактыбек Сейитбекович (0000-0002-7079-6791)[2], Арбаев Кубан Султанович (0000-0003-3910-5283)[2], Бегалиев Ырысбек Токтосунович (0000-0002-7431-3259)[2], Амиракулов Марасулбек Маараимбекович (0000-0002-2432-4670)[2].**

*[1] Германиянын жаратылышты коргоо союзу (NABU), Бишкек, Кыргызстан*

*[2]К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети, Бишкек, Кыргызстан*

**Аннотация***: Макалада азыркы учурдагы бир тарабынан чарбалык, бир тарабынан экологиялык көйгөй болгон мал чарбасы менен жырткыч жаныбарлардын ортосундагы терс карым- катнаштар жөнүдө сөз болмокчу. Кыргызстандын шартында мал чарбага коркунуч туудурган жырткыч жаныбарларга карышкыр, чөө, сүлөөсүн ал тургай кийинки учурда илбирсти дагы кошуп жүрүшөт. Бул көйгөйдү чечиш үчүн эмне кылуу керек? Жырткыч жаныбарлардан сактанып багуу үчүн малды биринчи кезекте малчы өзү дагы жогорку деңгээлде коргоо шарттарын түзүү керек.*

**Өзөктүү сөздөр***: Жырткыч, жаратылыш, малчы, чарба, бийик тоо, мал, көйгөй, чыр-чатак.*

# ПРОИСХОЖДЕНИЕ КОНФЛИКТА В ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ХИЩНИКА И ПАСТУХА В ПРИРОДЕ

**Асыкулов Толкунбек (0009-0003-1565-4525)[1], Чодонова Наргиза Мелисовна (0009-0006-4841-6015)[1], Ажыбеков Бактыбек Сейитбекович (0000-0002-7079-6791)[2], Арбаев Кубан Султанович (0000-0003-3910-5283)[2], Бегалиев Ырысбек Токтосунович (0000-0002-7431-3259)[2], Амиракулов Марасулбек Маараимбекович (0000-0002-2432-4670)[2].**

*[1]Союзохраны природы Германии (NABU), Бишкек, Кыргызстан*

*[2]Кыргызский национальный аграрный университет им. К. И. Скрябина, Бишкек, Кыргызстан*

**Аннотация***: В статье пойдет речь о негативных отношениях между животноводством и хищными животными, что с одной стороны является экономической проблемой, а с другой - экологической проблемой. В Кыргызстане к хищным животным, представляющим угрозу для животноводства являются волки, шакалы, рыси, а также в последнее время стали снежные барсы. Как решить данную проблему? Животноводам рекомендуется в первую очередь самим предусмотреть условия защиты/содержания домашнего скота от нападения хищников.*

**Ключевые слова***: Хищник, природа, пастух, ферма, высокая гора, домашний скот, проблема, конфликт.*

# THE ORIGIN OF THE CONFLICT IN THE ACTIVITIES OF THE PREDATOR AND THE HERDSMAN IN NATURE

**Asykulov Tolkunbek (0009-0003-1565-4525)[1], Chodonova Nargiza, (0009-0006-4841-6015)[1], Azhybekov Baktybek (0000-0002-7079-6791)[2], Arbaev Kuban Sultanovich (0000-0003-3910-5283)[2], Begaliev Irusbek Toktosunovich (0000-0002-7431-3259)[2], Amirakulov Marasulbek Maaraimbekovich (0000-0002-2432-4670)[2].**


*[1]The Union of Conservation of Nature in Germany (NABU), Bishkek, Kyrgyzstan*
*[2]Kyrgyz National Agricultural University named after K.I. Skryabin, Bishkek, Kyrgyzstan*

**Annotation**: *The article will talk about the negative relationship between animal husbandry and predatory animals, which is an economic problem on the one hand, and an ecological problem on the other. In Kyrgyzstan, wolves, jackals, lynxes, and recently snow leopards are among the predators that pose a threat to animal husbandry. How to solve this problem? Livestock breeders are recommended first of all to provide themselves with the conditions for the protection/maintenance of livestock from predator attacks.*
**Keyword**. *Predator, nature, herdsman, farm, high mountain, livestock, problem, conflict.*

**1. Киришүү.**


Көпчүлүк учурда малчылар “малымды карышкыр же башка жырткыч жаныбарлар жеп кетти” деген даттануулар көбөйө баштады. Бул ойду колдогондор дагы, ага каршы болгондор да бар. Мал жырткыч жаныбарлардын курмандыгы болуп жатса, анда эмне жырткыч жаныбарлардын саны көбөйдүбү, же жырткыч жаныбарлардын табыгий тоюту азайдыбы, же малчылар малын жакшы коргой албай жатышабы? Ит сымалдуулар тукумуна (Canis) төмөнкү түрлөр кирет: карышкыр (Canis lupus), чөө (Canis aureus) жана үй ити (Canis familiaris).

Карышкыр (Canis lupus) кеңири таралган жана белгилүү жырткыч болуп эсептелинет да, алар катаал жашоого жана узак ачкачылыкка ыңгайлашкан. Денесинин узундугу 155-160 см, куйругунун узундугу 40-42 см, ийнине чейинки бою 55 см ден жогору жана 45-60 кг салмакта болот. Тукумдоосу эки жаш курагынан башталат, январь-февраль айларында үйүгүшөт. Бөлтүрүктөрү 62-63 күндөн кийин туулат. Карышкырлар бөлтүрүктөрүн 5-8 кээде 14 гө чейин апрель айында тукумдашат




**1-сүрөт.** Дүйнө жүзүндөгү карышкырлардын таралышы
Кызыл түс – тукум курут болуп кеткен аймактар
Жашыл түс – Азыркы жашаган аймактар

**2-сүрөт.** Кыргыз Республикасынын баардык категориядагы чарбалардагы мал жана үй канаттууларынын саны, 2021-ж.
*(баш менен)*
*Булак: http://www.stat.kg/kg/statistics/selskoe-hozyajstvo/*




(Салганский, 1964).

Бөлтүрүктөрү сегиз ай болгондон кийин аң уулоого катыша башташат. Бирок, өлүмдүн деңгээли өтө жогору: аларды күрөң аюу, кара аюу, чөө, түлкү, пума же башка карышкырлар, ошондой эле адамдар издешет.

Мурда ал эң ийгиликтүү сүт эмүүчүлөрдүн бири болгон, бирок анын жашоо чөйрөсүнүн бузулушунан жана аңчылыктан улам, анын саны кыйла кыскарган. 1982-1994-жылдары Эл аралык жаратылышты коргоо союзунун жоголуп бара жаткан жаныбарлардын тизмесине кирген (IUCN).

Бактыга жараша, асылдандыруу программаларынын жана кайра колониялаштыруунун аркасында, 1996-жылы IUCN бул жаныбардын тобокелдик статусун төмөндөтүп, анча деле тынчсызданбай калды (https://www.mundoperros.es/ky).


**2.Изилдөөнүн материалдары жана методдору**

Изилдөөнүн объектиси катары Кыргыз Республикасынын мал-жандуу келген Нарын облусу алынды. Изилдөөнүн максатына жараша, бул аймактагы малчылар менен жырткыч жаныбарлардын ортосундагы көйгөйлөр, анын келип чыгуу себептери жана келтирилген чыгымдар изилденди. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр жарык көргөн макалалар жана сурамжылоо ыкмалары аркылуу ишке ашырылды.


**3.Изилдөө натыйжалары**

Малчылардын, деги эле айыл жергесинде жашаган калктын азыркы учурда негизги капиталы болуп мал эсептелинет.

2-сүрөттө көрүнгөндөй, 2021-жылга карата Кыргызстанда 6 млн. 278 204 кой-эчки, 1 млн. 750 467 ири мүйүздүү малдар болсо, анын ичинен 868 820 уйлар, ал эми жылкылар 547 253 башты түзсө, чочколор




**3-сүрөт.** Сырткы короо




**4-сүрөт**. Кашар

29 508 баш, үй канаттуулары 5 млн. 924 734 баш болгон.

Акыркы жылдары малдын саны барган сайын жогорулоонун үстүндө болуп келүүдө.

Азыркы малчылардын бирден бир көйгөйү болуп малдарынын карышкырлар аркылуу жок болуусу саналууда. Малчылар малдарын карышкыр же башка жырткыч айбанаттарга алдырып жиберүүдөн бир топ зыян тартышууда.

Бул тууралуу төмөндөгүдөй мисалдарды келтирсек болот.

Ат-Башы районунун акиминин орун басары Болот Абдыкадыровдун айтуусунда: «52 баш жылкы, 13 баш уй-топоз, 18 баш майда мал карышкыр тарабынан кырылып, жалпы 3 млн 488 миң сомдук чыгым болгон (https://koom.press/at-bashyda-karyshkyrlar-turgundarga-35-mln-somduk-chygym-alyp-keldi/ Колдонулган күн: 18.01.2022).

Дагы бир мисал: «Адистердин эсеби боюнча, карышкыр менен чөө мал чарбачылыгына жыл сайын 10 миллион сомдук зыян келтирип жатат. Өлкө боюнча ушул жылдын январь айынын ичинде эле 2 миңден ашык бодо мал, 3 миңден ашуун жылкы жана 8 миңдей койду карышкыр кырып салган. Ошондуктан мындай жагдайды эске алуу менен кыргыз өкмөтү 1 миллион сом каражатты Мамлекеттик токой чарбасы кызматына бөлүп, бул ишти аткарууну аңчылык башкармачылыгына табыштаган. Алар мергенчилердин тобун түзүп, жырткычтарды жок кылуу иш-чараларын баштады» (Кабыл Макеш, 2004).

Актуалдуу дагы бир мисал: “Кочкор районунда былтыркы жылы карышкырлар тарабынан малчыларга 1 миллион 893 миң сом зыян келтирилген. Бул тууралуу Кочкор райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын 2022-жылдын 1-январына карата берилген маалыматында белгиленген.

2021-жылы жолбун ит, чөө, карышкырларды азайтуу боюнча райондогу айыл өкмөттөрү тарабынан жалпы 1 млн 011 миң сом акча каражаты которулган. Райондун аймагында 551 ит, 2 чөө атылган.

Карышкырлар тарабынан райондун аймагында 1 миллион 899 миң сом зыян келтирилди. Мунун ичинен уй, торпок - 18 баш, топоз - 9 баш, жылкы - 4 баш, тай - 49 баш, кой-эчки - 52 баш зыян тарткан (https://naryn.turmush.kg/news:457284?fbclid=IwAR1fYnREfAKfzA5y5qSBJNI3-yxUwOuM4r62R2OgszM9iicJWx8yn_0jElk9 Колдонулган күн: 20.01.2022).


3-сүрөт. Сырткы короо 4-сүрөт. Кашар

**4.Талкуулоо**

Акыркы маалыматтарга таянсак:

• Бир жылда малга зыян келтирген жырткычтарды жок кылуу үчүн өкмөт тарабынан 1 000 011 сом бөлүнгөн.

• Карышкырлардан 1 899 000 сом зыян келтирилген.




**5-сүрөт.** Малчынын кашарынын жалпы көрүнүшү

• Баардыгы болуп 2 899 011 сом карышкыр көйгөйүнө арналган чыгым болуп саналат.

Ушул кеткен чыгымдарды болтурбоо жана малды багууну жакшыртуу үчүн (короолорду тор менен тосуу, малды жайытта дайыма кайтарганы үчүн акы төлөө) колдонсо болоор беле деген суроо келет. Андан тышкары мал ээлерине жогорудагы жырткычтар тарабынан жаралган көйгөйлөрдү болтурбоонун жолдорун сунуштайт элек:

1. Кашардын терезелерин тор менен тоссо болот. Арматуранын 1 кг баасы 95 сом.

2. Рабица менен кой короону тоссо болот, ал арзан эле турат. Рабица торчонун 20х20 мм, зым 1,6 мм, рулондун ченелиши 1.5х10 м, рулондун баасы 2058 сом.

3. Бир койун сатса алат, 10 койун жедиргиче.

4. Жылкыга түнүндө күзөт коюш керек, койлорду жайытта кайтарганга койчу жалдоо керек.

5-сүрөт. Малчынын кашарынын жалпы көрүнүшү

## 5. Корутундулар

Макалада кыскача берилген мисалдар жана сунуштар малчылар менен жырткыч жаныбарлардын ортосундагы чыр-чатакты толугу менен чечпесе дагы, кандайдыр бир деңгээлдеги негиздемелерди бердик. Албетте, мындан тышкары дагы сунуштар болушу керек деп ойлойбуз, себеби бул эмгектин уландысы катары башка адистер дагы өздөрүнүн сунуштарын айтат го деген тилектебиз. Жаратылыш менен чарбанын ортосундагы келишпестиктердин чечүү жолдорун издөө дайыма уланып турушу керек. Бул маселеде малчы менен жаратылышты коргоочу, илимпоз менен чарба адистери биргеликте иш жүргүзүүсү бир топ натыйжаларды алып келет.

## 6. Шилтемелер

1. Салганский А. А. (1964). Птицы и звери наших лесов. –М.: Лесная промышленность. –С. 350-351.

2. Карышкыр, коркунучтуу керемет жаныбар. Колдонулган күн: 11.01.2022 https://www.mundoperros.es/ky

3. Кабыл Макеш (2004). Кыргызстанда карышкыр менен чөө малга кол салууда. Колдонулган күн: 18.01.2022 https://www.azattyk.org/a/1220407.html

4. Ат-Башыда карышкырлар тургундарга 3,5 млн сомдук чыгым алып келди. Колдонулган күн: 18.01.2022 https://koom.press/at-bashyda-karyshkyrlar-turgundarga-35-mln-somduk-chygym-alyp-keldi/

5. Кочкордо карышкырлар былтыр малчыларга 1,9 млн сомдук зыян келтирди. Колдонулган күн: 20.01.2022 https://naryn.turmush.kg/news:457284?fbclid=IwAR1fYnREfAKfzA5y5qSBJNI3-yxUwOuM4r62R2OgszM9iicJWx8yn_0jElk9